Кыргыз тили жана адабияты У/Б жылдык иш планына ылайык «21-февраль Эл аралык эне тил»

Анализ

21-февраль 2023-ж

Катышты-10

Себептүү-1

Себепсиз

Бостери мектеп-лицейи.

Окуу завуч: Мамбетбаев М.Б.

Метод завуч: Шабданова Н.Д.

У/М башчысы: Акимбаева Ш.А.

Соц.педагог: Исаева А.Б.

Проф төрайымы: Молдоева Г.Б.

Каралуучу маселе.

1) «21-февраль эл аралык эне тил» күнүнө карата өткөрүлүүчү бир айлыктын планын талкуулоо

2) Аталган иш-чараны өткөрүү боюнча класс жетекчилерге түшүндүрүү.

3) У/Методдун мүчөлөрүнүн сунуштары.

1-Маселе боюнча У/Бирикменин жетекчиси Акимбаева Ш.А. өткөрүлүүчү иш-чаранын планын талкууга койду.

1-жума боюнча ар бир класс жетекчи класстарынын «Эне тилди барктайлы» деген темада класстык сааттарды өткөрүшсүн.

2-жумада Башталгыч класстын класс жетекчилери жана орус класстын кыргыз тили мугалимдери «Эне тилим -Эне сүтүм « деген темада көркөм окуу конкурсун уюштуруп беришсин.

Сканировано с CamScanner

3-жумада

Жогорку класстар арасында (кыргыз,орус класстар) «Эне-тилим- Менин дилим»

деген темада дил баяндарды жаздырып, эң мыкты дил баянга мектептин администрациясы

тарабынан кызыктыруучу байгелерди тапшырылсын.

4-жумада

5-8-класстардын арасында «Мен кыргыздын жараны» урааны менен видеороликтин конкурсуң уюштурууну класс жетекчилерге тапшыруу.

Эң жакшы тартылган видеороликтерге кызыктыруучу байгелерди тапшыруу.

Мектептин окуу завучу Мамбетбаев М.Б. түзүлгөн план боюнча өзүнүн

ой пикирин айтып өттү.

Пландын түзүлүшү туура түзүлгөн.

Кыргызстандын ар бир жараны эне тилин барктап, баалап ,сөз байлыгын өстүрүп,нукура кыргыз тилинде сүйлөшүбүз керек.

2-маселе боюнча Метод завуч Шабданова Н.Д. төмөнкүдөй ойлорун айтып өттү.

Бул бир айлык иш-чарага мектептин коллективи ошондой эле бардык метод

Бирикмелер кайдыгер карабай, өз эне тилин даңазалоо,урматтоо максатында жоопкерчилик менен мамиле жасаш керек.

Кыргыз тили жана адабияты мугалими.

Омокеева А.Б.да өз пикирин айтты.21-февраль «Эл аралык эне тил» күнү деп кабыл алгандан кийин барыбыз жапа тырмак жогорку денгээлде өткөрүп жыйынтык чыгарышыбыз керек.

3-маселе Кыргыз тили жана адабияты метод бирикменин мүчөсү Жолочу кызы Нурзат мындай деп айтып өттү.

Бул бир айлык иш-чара бардык мекемелерде жүргүзүлөт.

Ошон үчүн биз,пе.коллектив өтө чоң жоопкерчилик менен окуучуларга түшүндүрүү

Иштерин жүргүзүшүбүз керек. Ошону менен бирге окуучуларды макал-лакап,санжыра,дастан «Манас айтууга кызыктырышыбыз керек.

Кыргыз тили жана адабияты мугалими Уметова Ж.С.башталгыч орус класстарга кыргыз тили предметинин мугалими:өз пикири менен бөлүштү.

Орус класстарга кыргыз тили сабагын өтүүдө дайыма 10-мүнөттүк

Макао-лакап, жаңылмач, табышмактарды кошуп өткөрүп турабыз.

Окуучулар кызыгуу менен кабыл алышат.

Сканировано с CamScanner